КЕРЕКТҮҮ ИШ КАГАЗДАРЫ:

- Мүдүрдүн наамына арыз;
- Орто билими же атайын кесиптик билими жөнүндөгү документтин түп нускасы (2 көчүрмөсү);
- 3х4 өлчөмүндөгү 6 сүрөт;
- Туулгандыгы жөнүндөгү күбөлүктүн 2 көчүрмөсү;
- 086-У формадагы медициналык аныктама баракча;
- 063-У формадагы медициналык аныктама баракча;
- Тиркеме иш кагазы;
- Конверт;
- Жашаган жеринен жана үй-бүлө курамынан аныктама баракча.

ОКУУ КОНТРАКТ ЖАНА БЮДЖЕТТИН НЕГИЗИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛӨТ

Окуу мөөнөтү:

- 9–класстын базасында – 2 жыл 10 ай;
- 11–класстын базасында – 1 жыл 10 ай;
- Сырттан окуу бөлүмү – 2 жыл 6 ай.

БИЗДИН ДАРЕК:

Кызыл-Кыя шаары
Молодежная көчөсү-9
болжол «Ай-Сулуу» соода борбору

03657 5 01 44
03657 5 41 54
+996 778 43 43 63

gornyk1932@mail.ru

kkgtk.kg

Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр
Навыки для инклюзивного роста

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
Министерство Образования и науки Кыргызской Республики

Т.КУЛАТОВ АТЫНДАГЫ КЫЗЫЛ-КЫЯ ТОО-ТЕХНИКАЛЫК, ИННОВАЦИЯ ЖАНА ЭКОНОМИКА КОЛЛЕДЖИ

Кызыл-Кыя
2022 жыл

КОЛЛЕДЖДЕ ОКУУНУН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ:

1 Колледжге кирүүнүн ыңгайлуулугу

Колледжге тапшыруунун шарттары жогору окуу жайларына тапшыруудан бир топ жеңил жана ыңгайлуу. Жалпы республикалык тестке (ОРТга) катышпагандар деле документ тапшыра алышат. Кирүү сынактары колледждин өзүндө тест түрүндө болот.

2 Убакыттан утуу

Колледжде окугандар 11-класстан 1 жыл 10 ай, 9-класстан 2 жыл 10 айда эле дипломго ээ болуп, алган адистиги боюнча иштей баштаса болот.

3 Акча каражатын үнөмдөө

Ата-энелер бир топ акча каражатын үнөмдөй алышат, себеби жогорку окуу жайына караганда окуу үчүн төлөм төмөн жана окуу мөөнөтү аз.

4 Практикалык билимдин тереңдиги

Колледжде практикалык окутууга көп убакыт бөлүнөт, студенттердин теориялык алган билимдерин практика менен тыгыз айкалыштырууга мыкты шарт түзүлөт. Ошондуктан колледждин бүтүрүүчүлөрү окууну аяктаары менен өз кесибин мыкты өздөштүргөн адис катары иштөөгө даяр болушат. Мындан сырткары окуу өндүрүштүк комплексинде практикалык билим алууга зор шарттар түзүлгөн.

5 Бизнеске багытталган окутуу

Бизнеске багытталган окутуу бардык кесиптерге кошумча сабак катарында окутулат, өз бизнесин жүргүзүүгө зор шарт түзүп берет.

6 Колледждин бүтүрүүчүлөрүнүн жогорку окуу жайларына кирүүдөгү жеңилдиги

Колледжди аяктагандар алган дипломунун негизинде өзүнүн адистиги боюнча өзү каалаган Жогорку окуу жайларынын күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнүн 2-3-курсунан окуусун улантууга мүмкүнчүлүк алышат.

ОКУУ ЖАЙДА АДИСТЕРДИ ДАЯРДОО ТӨМӨНДӨГҮ АДИСТИКТЕР БОЮНЧА 9-11-КЛАССТЫН НЕГИЗИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛӨТ:

Жер астынан пайдалуу кендерди казып алуу
(бюджет жана контракт)

Электрдик жана электромеханикалык жабдууларды оңдоо, эксплуатациялоо, жана камсыздоо
(бюджет жана контракт)

Автоунааларды техникалык жактан тейлөө жана оңдоо
(бюджет жана контракт)

Турак-жайларды куруу жана эксплуатациялоо
(бюджет жана контракт)

Электр менен камсыздоо
(контракт)

Айыл чарба продукцияларын өндүрүп чыгаруунун жана кайра иштетүүнүн технологу
(бюджет жана контракт)

Тигилген буюмдарды моделдештирүү, конструкциялоо жана тигүү технологиясы
(бюджет жана контракт)

Геологиялык сүрөттөө жана пайдалуу кендерди казып алуу
(контракт)

Мунайзат жана газ кен байлыктарын иштетүү жана эксплуатациялоо
(контракт)

Тоо-кен иштерин ачык жол менен иштетүү
(контракт)

Экономика жана бухгалтердик эсеп
(контракт)

Банк иши
(контракт)

Салык жана салык салуу
(контракт)

Менеджмент
(тармактар боюнча) (контракт)

Технология
(Эмгек жана чийүү адистиги боюнча окутуучу) (контракт)

Кесиптик окутуу
(контракт)

Компьютер системалары жана комплекстер
(контракт)

Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо
(контракт)